| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ | | МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

20*25* "*14*" *июль* №*17*

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

**2025-2026-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтомунун 22-пунктуна ылайык, 2025-2026-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына кабыл алуу кампаниясын уюштуруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарында 2025-2026-окуу жылына педагогикалык адистик боюнча билим алуу үчүн абитуриенттердин ваучер алууга арыздарын берүү графиги 1-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына 2025-2026-окуу жылына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги 2-тиркемеге ылайык.

2. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын (мындан ары – КОББ) жетекчилери:

- КОББго абитуриенттерди кабыл алууну уюштурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарына окууга кабыл алуу тартибин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 5-февралындагы № 63 Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоонун ваучердик механизминин убактылуу тартибин так жетекчиликке алсын;
- Порталга жайгаштырылган жалпы кабыл алуу планынын чегинде, бир студентке зарыл окуу аянты боюнча лицензиялык ченемдерди эске алуу менен, чет өлкөлүк жарандар үчүн өзүнчө кабыл алуу планын бекитсин;
- Конкурстун негизинде, жеке арыздардын негизинде абитуриенттердин төмөнкү категорияларын (ырастоочу документтери бар болсо) КООБго кабыл алуу ишке ашырылсын: I, II топтогу майыптар, бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар, 2002-жылдын 17-18-мартында Жалал-Абад областынын Аксы районунда жана 2010-жылдын апрель-июнунда жана 2021-жылдын апрелинде болгон окуялардын

натыйжасында курман болгон адамдардын балдары, кайрылман статусу бар адамдар.

- Тиешелүү профилдеги башталгыч кесиптик билими же орто кесиптик билими бар адамдарга мурунку билим берүүсүнүн жана окутуусунун натыйжаларын таануу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берсин.

3. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- Абитуриент ар бир тандоо жана кабыл алуу турунда мамлекеттик билим берүү грантын/ваучерди алууга конкурска катышуу үчүн бир арыз жана окуу акысын төлөө келишими боюнча окууга катышуу үчүн бир арыз берүүгө укуктуу;

- Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын жарандары Экономикалык жана гуманитардык тармактарда интеграцияны тереңдетүү жөнүндө 1996-жылдын 29-мартындагы келишимге катышуучу мамлекеттердин жарандарына окуу жайларга тапшырууга бирдей укуктарды берүү жөнүндө макулдашуунун алкагында (1998-ж.) бюджеттик орундарга конкурска катышууга укуктуу;

- Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын жарандары КООБго тапшырууга конкурска катышуу үчүн документтерди электрондук түрдө "Абитуриент Online" автоматташтырылган маалыматтык системасын колдонуу менен аралыктын режиминде электрондук түрдө тапшырышат https://2020.edu.gov.kg;

- башка мамлекеттердин жарандары конкурска катышуу үчүн документтерди "Абитуриент Online" автоматташтырылган маалыматтык системасында катталбастан КООБдун кабыл алуу комиссиясына тапшырышат.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.К.Омуровго жүктөлсүн.

**Министр** **Б. Орозов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2025 "14" июля №17

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

## Об организации приема абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2025-2026 учебный год

В соответствии с пунктом 22 постановления Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470, в целях организации приемной кампании в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2025-2026 учебный год, **приказываю**:

1. Утвердить:

- График подачи заявок абитуриентами на получение ваучера для обучения по педагогической специальности в образовательных организациях среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2025-2026 учебный год согласно приложению 1;

- График проведения туров отбора и зачисления абитуриентов в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики на 2025-2026 учебный год согласно приложению 2.

2. Руководителям образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности (далее – СПУЗы):

- при организации приема абитуриентов в спузы строго руководствоваться Порядком приема лиц на обучение в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470, Временным порядком ваучерного механизма финансирования образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 5 февраля 2025 года № 63;

- утвердить отдельный план приема для иностранных граждан в рамках общего плана приема, размещенного на портале, с учетом лицензионных нормативов по необходимой учебной площади на 1 студента;

- осуществлять зачисление в СПУЗы на основе конкурса, на основании личных заявлений следующие категории абитуриентов (при наличии подтверждающих документов): инвалиды I, II групп, лица с ограниченными возможностями здоровья с детства, дети-сироты и дети, оставшиеся без

попечения родителей, дети лиц, погибших в результате событий, произошедших 17-18 марта 2002 года в Аксыйском районе Жалал-Абадской области, в апреле-июне 2010 года и апреле 2021 года, лица, имеющие статус кайрылмана;

- предоставить право на освоение образовательной программы по ускоренным программам с учетом признания результатов предшествующего образования и обучения лицам, имеющим начальное профессиональное образование соответствующего профиля или среднее профессиональное образование.

3. Установить, что:

- в каждом туре отбора и зачисления абитуриент имеет право подать на одну заявку для участия в конкурсе на получение государственного образовательного гранта/ваучера и одну заявку - на обучение по договору с оплатой стоимости обучения;

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь, Республики Казахстан в рамках Соглашения о предоставлении равных прав гражданам государств-участников Договора об углублении интеграции в экономической и гуманитарной областях от 29 марта 1996 года на поступление в учебные заведения имеют право участвовать в конкурсе на получение государственного образовательного гранта;

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь, Республики Казахстан для участия в конкурсе на поступление в СПУЗы подают документы в электронном виде и/или в удаленном режиме с использованием Автоматизированной информационной системы «Абитуриент Online» - https://2020.edu.gov.kg;

- граждане других государств подают документы для участия в конкурсе в приемную комиссию СПУЗа без регистрации в Автоматизированной информационной системе «Абитуриент Online».

4. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.К.Омурова.

**Министр** **Б. Орозов**